# 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2012-жылдын 27-августундагы
№35/1 токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Акча-кредит саясатынын 2012-2014-жылдарга негизги багыттарына ылайык, 2012-жылы акча-кредит саясатынын башкы максаты болуп, Өкмөттүн экономиканын туруктуу өсүшү боюнча пландарын ишке ашырууга өбөлгө түзгөн, инфляциянын орточо арымын кармап туруу саналат.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында, жалпысынан, негизги азык-түлүк товарларына (дан эгиндери, май алынуучу өсүмдүктөр, кант) карата дүйнөлүк баалардын төмөндөөсү алкагында, өлкөдө баалардын жалпы деңгээлинин басаңдоосу байкалган, бул катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзүү менен бирге эле, экономикада инфляциялык процесстердин басаңдашын шарттаган.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча инфляциянын деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 2012-жылдын башталышынан бери 0,9 пайызды (2012-жылдын июнь айы 2011-жылдын декабрь айына карата), ал эми 2011-жылдын тиешелүү мезгилине – 7,2 пайызды түзгөн. Инфляция жылдык мааниде (2012-жылдын июнь айы 2011-жылдын июнь айына карата) (-)0,5 пайыз чегинде катталган, ал эми 2011-жылдын тиешелүү мезгилге карата көрсөткүчү 22,8 пайызга өскөн эле.

Өтүп жаткан жылдын башталышынан тартып өлкөдө инфляциялык арымдын төмөндөө тенденциясы байкалгандыгына карабастан, инфляциялык тобокелдиктер дале орун алууда. Бир нече жыл аралыгында инфляциянын базалык деңгээли 10 пайыз деңгээлинде сакталуусун улантууда, ал эми мамлекеттик бюджеттин күтүлүп жаткан жогорку тартыштыгы бюджеттин чыгашаларынын бирдей бөлүштүрүлбөгөндүгү менен бирге, орто мөөнөткө каралган мезгилде баа туруктуулугу үчүн коркунуч жаратууда. Ушуга байланыштуу, монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында, Улуттук банк өтүп жаткан жылдын отчеттук мезгили ичинде үстөк ликвиддүүлүктү арылтуу боюнча операцияларды көбөйтүү менен орто катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү уланткан. Алсак, жүгүртүүдөгү Улуттук банктын ноталарынын көлөмү 2011-жылдын акырындагы 1,4 млрд. сомдон 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 2,1 млрд. сомго чейин өссө (2011-жылдын июнь айынын акырына карата – 1,1 млрд. сом), репо шарттарында сатылган жүгүртүүдөгү МБК көлөмү 2011-жылдын акырындагы 206,8 млн. сомдон 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 1,2 млрд. сомго чейин өскөн (2011–жылдын июнь айынын акырына карата – 60,7 млн. сом).

Экономикадагы инфляциялык процесстердин басаңдоосун, ошондой эле отчеттук мезгилде байкалган экономиканын түшүүсүн эске алуу менен Улуттук банк 2012-жылдын экинчи чейрегинен тартып, үстөк ликвиддүүлүктү арылтуу көлөмүн акырындап төмөндөтө баштаган: жүгүртүүдөгү Улуттук банктын ноталарынын көлөмү 2012-жылдын февраль айындагы 2,3 млрд. сомдон, июнь айынын акырына карата 2,1 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Бул өз кезегинде, Улуттук банктын ноталары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин төмөндөөсүнө таасирин тийгизген. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын орточо салмактанып алынган пайыздык чени 2011-жылдын акырындагы 13,08 пайыздан 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 5,19 пайызга чейин төмөндөгөн. Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата эсептик чен 6,84 пайыздык пунктка, же 13,61 пайыздан 6,77 пайызга чейин төмөндөгөн.

Каралып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча акча базасы 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 56,7 млрд. сомду түзүү менен (2011-жылдын

январь-июнь айларында көбөйүү 2,8 пайызды түзгөн) жыл башынан бери 3,5 пайызга көбөйгөн. Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасы 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 88,4 млрд. сомду түзүү менен (2011-жылдын ушундай эле мезгилинде – 5,6 пайызга) кароого алынып жаткан мезгил ичинде 11,1 пайызга көбөйгөн.

Өтүп жаткан жылдын отчеттук мезгили ичинде Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүп кетишине жол бербөө максатында, айрыкча январь-февраль жана июнь айларында валюталык интервенцияларды ишке ашырган. Өткөн жылдарга салыштарганда отчеттук жарым жылдыкта валюта рыногунда талап менен сунуш Улуттук банктын кийлигишүүсүз эле, дээрлик тең болууда. Алсак, отчеттук мезгил ичинде валюта интервенцияларынын дүң көлөмү 2011-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги 95,5 млн. АКШ долларына караганда 43,5 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми чет өлкө валютасын таза сатуу отчеттук мезгил ичинде 38,3 млн. АКШ доллары (2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында – 30,3 млн. АКШ долларын) чегинде катталган. АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу жыл башынан бери 1,63 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 46,4847 сомдон 47,2445 сомго чейин жогорулаган (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде алмашуу курсунун 4,02 пайызга төмөндөөсү байкалган).

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси июнь айынын акырына карата 115,5 түзүү менен 2012-жылдын башталышынан тартып 0,6 пайызга төмөндөгөн, бул негизги соода өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляциянын деңгээлине салыштырганда Кыргызстандагы инфляциянын кыйла төмөнкү деңгээли[1] менен биргеликте, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин 1,4 пайызга, 111,0 чейин төмөндөөсүн шарттаган.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда экономиканын түшүүсү 5,6 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн өсүшү 4,9 пайыз чегинде катталган). Мында, отчеттук жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн төмөндөөсүнө негизги салымды, көбүнчө «Кумтөр» тоо-кен ишканаларында өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен, өнөр жай ишканалары кошушкан. «Кумтөр» алтын казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 3,9 пайызга өскөн (2011-жылдын январь-июнь айларында тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 3,7 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2011-жылдын январь-июнь айларындагы 16,7 пайызга караганда 13,7 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгынын алдын-ала жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 86,6 млн. АКШ долларында түптөлгөн. Күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу отчеттук мезгил ичинде ИДӨгө карата 17,2 пайызга, мында соода балансынын тартыштыгы 1337,5 млн. АКШ долларына чейин көбөйөт. Күндөлүк трансферттердин эсеби боюнча профицит 830,9 млн. АКШ долларында түптөлгөн, бул 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 3,7 пайызга көп. Дүң эл аралык камдардын көлөмү[2] товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 3,8 айлык импортун жабат.

Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылы 3,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,4 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-июнь айларында бюджет ИДӨгө карата 0,2 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган).

---

[1] Өлкөдө инфляция 2012-жылдын январь-июнь айларында 0,9 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли алдын ала эсептөөлөр боюнча 1,7 пайызды түзгөн.
[2] Дүң эл арадык камдардын көлөмү 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата 1915,3 млн. АКШ доллар чегинде катталган.

## Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн динамикасы

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата акча базасы жыл башынан бери 3,5 пайызга же 1,9 млрд. сомго көбөйүү менен 56,7 млрд. сомду (2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында акча базасынын көбөйүүсү 2,8 пайызды) түзгөн. Өкмөттүн операцияларынын эсебинен акча базасы 5,3 млрд. сомго өссө, Улуттук банктын операцияларынын эсебинен 3,4 млрд. сомго азайган.

Акча базасынын түзүмүндө отчеттук жылдын июнь айынын акырына карата жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 90,6 пайызды түзгөн, буга ылайык коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү 9,4 пайыз чегинде катталган.

2012-жылдын биринчи жарымында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда акча топтомдорунун динамикасы бир кыйла басаңдоо өсүш арымына ээ болгон. Акча топтомдорунун номиналдык өсүш арымдары 2012-жылдын июнь айынын акырына карата жылдык мааниде 11,7 пайыздан 20,9 пайызга чейинки, ал эми 2011-жылдын июнь айынын акырына карата 21,9 пайыздан 27,9 пайызга чейинки диапазондо турган. Акча топтомдорунун ичинде депозиттик базанын өсүшүнүн эсебинен[1], М2Х кеңири маанидеги акча массасы кыйла тез арымда көбөйгөн.

М0 акча топтому (банктардан тышкаркы акчалар) отчеттук мезгил ичинде 2,8 пайызга көбөйгөн жана 2012-жылдын июнь айынын акырына 48,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын отчеттук мезгили ичинде – 4,8 пайыз).

Банктардан тышкаркы акчаларды жана улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2 акча массасы 2012-жылдын январь-июнь айларында 8,2 пайызга көбөйүү менен июнь айынын акырына карата 67,2 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын январь-июнь айларында М2 көбөйүүсү 4,8 пайыз чегинде катталган). Мында улуттук валютадагы депозиттердин өсүшү 25,5 пайызды (2011-жылдын январь-июнь айларында – 4,8 пайызды) түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х кеңири акча массасы жыл башынан бери 11,1 пайызга көбөйүү менен (2011-жылдын биринчи жарымында М2Х акча топтомунун көбөйүүсү 5,6 пайызды түзгөн) 88,4 млрд. сомду түзгөн. Мында кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген, депозиттердин[2] жалпы көлөмү 23,3 пайызга, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 21,4 пайызга (2011-жылдын январь-июнь айларында – тиешелүүлүгүнө жараша 6,7 пайызга же 8,3 пайызга) өскөн. Жалпысынан, депозиттик базанын көбөйүүсү банк тутумуна карата ишенимдин сакталып калгандыгын жана банк тутумунда кредиттик жигердүүлүктү жогорулатуу үчүн негиздин түзүлгөндүгүн тастыктап турат.

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын валюталык түзүмүндө чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 2012-жылдын январь-июнь айларында 2,0 пайыздык пунктка, 23,9 пайызга чейин, ал эми улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 2,4 пайыздык пунктка, 21,2 пайызга чейин көбөйгөн.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында кредиттин экономикага өсүш арымы 11,6 пайызды түзсө, анын ичинде чет өлкө валютасындагы кредиттөө 14,3 пайызга, ал эми улуттук валютада 8,6 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде – тиешелүүлүгүнө жараша 9,8 пайызга, 4,8 пайызга жана 15,5 пайызга) көбөйгөн.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүү тездиги отчеттук жылдын январь-июнь айларындагы 3,8ден июнь айынын акырына карата 3,5 пайызга чейин акча массасынын өсүш арымынын номиналдык ИДӨдөн артышынан

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда

улам төмөндөгөн. М2Х акча топтому боюнча экономиканы акчалаштыруу коэфициенти жыл башынан бери 2,2 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 28,7 пайызды түзгөн.

Финансы ортомчулугунун деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири маанидеги акчалардын мультипликатору 2011-жылдын акырындагы 1,451ден 2012-жылдын отчеттук мезгилинин акырына карата 1,559ге чейин көбөйгөн, мындай жагдай акча базасынын өсүш арымына салыштырганда кеңири маанидеги акча массасынын өсүш арымынын артышынын натыйжасында түптөлгөн. Банктардан тышкаркы акчалардын депозиттерге карата катышынын көрсөткүчү 2011-жылдын акырындагы 1,5тен отчеттук мезгилдин акырына карата 1,2ге чейин төмөндөгөн.

### Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

Бүтүндөй алганда, 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы Кыргыз Республикасында негизги азык-түлүк товарларына (дан эгиндерине, май алынуучу өсүмдүктөргө, кантка) карата дүйнөлүк баанын түшүүсүнүн алкагында баалардын жалпы деңгээлинин төмөндөөсү менен мүнөздөлгөн. Ошондой болсо да, отчеттук жылдын июнь-июль айларында дан эгиндеринин жана май алынуучу өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү боюнча кооптонуулардын күч алышынын алкагында буудайга дүйнөлүк баанын олуттуу өсүшү белгиленген.

Керектөө бааларынын индексинин (КБИ) жылдык мааниси 2012-жылдын июнь айында (2011-жылдын июнуна карата) 0,5 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 22,8 пайызга өскөн. КБИ куржунунун түзүмүндө азык-түлүк тобундагы товарларга баанын төмөндөөсү 10,3 пайызды түзсө, азык-түлүктөн башка товарларга баа жылдык мааниде 9,8 пайызга өскөн, ал эми алкоголдук суусундуктарга жана тамеки заттарына баа 10,0 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 11,7 пайызга өскөн.

*Инфляциянын жалпы деңгээлинин төмөндөгөнүнө карабастан, ЭВФ ыкмасы боюнча эсептелген базалык инфляция жыл башынан бери 10 пайызга жакын деңгээлде кала берген.*

### 1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси

| | 2012 жылдын июнь айы | | | 2012-ж. январь-июнь айлары |
|---|---|---|---|---|
| | 2012-ж. май айына карата | 2011-ж. декабрь айына карата | 2011-ж. июнь айына карата | 2011-ж. январь-июнь айларына карата |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **99,6** | **100,9** | **99,5** | **100,9** |
| анын ичинде | | | | |
| Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар | 98,7 | 96,9 | 89,7 | 92,9 |
| Алкогол ичимдиктери жана тамеки заттары | 100,5 | 103,1 | 110,0 | 110,2 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,2 | 104,0 | 109,8 | 110,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,2 | 104,9 | 111,7 | 110,6 |

Азык-түлүк товарларына баа 2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 10,3 пайызга (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде баалар жылдык мааниде 37,5 пайызга өскөн), «нан азыктары жана талкан» товардык тобунун баасы 17,0 пайызга, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 27,2 пайызга төмөндөгөн. Мында, отчеттук жылдын экинчи чейрегинде нан азыктары жана талкан көбүнчө, өндүрүүчү өлкөлөрдө жана республикада дан эгиндеринин жана айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүүлүгүнүн таасиринин алкагында 2,2 пайызга арзандаган. Сүт азыктарына карата баа жылдык мааниде 4,0 пайызга жогоруласа, мөмө-жемиш азыктарына баа 21,1 пайызга төмөндөгөн.

Кантка карата баалардын динамикасы аны керектөөнүн импортко жогорку көз карандуулугун эске алганда, көбүнчө, дүйнөлүк рыноктогу жана кантты өндүрүүчү негизги өлкөлөрдөгү баалардын конъюнктурасына жараша болот. Кыргызстандын

рыногуна кантты негизги алып келүүчүлөр болуп, Бажы союузунун (БС) курамына кирген өлкөлөр саналат. Бажы союзуна кирген өлкөлөрдө кантка болгон баанын учурдагы динамикасы Украинада кантты өндүрүүдө орун алып жаткан проблемалардын чегинде тренддин чыңдалуусу жана БС өлкөлөрүндөгү иштеп чыгуучу кубаттуулуктардын тартыштыгына болгон чайкоочулуктар менен мүнөздөлөт.

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында «май жана тоң майлар» (анын ичинде күн карама майы) товарлар тобуна карата баа төмөндөгөн жана 2012-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча баалардын төмөндөөсү, жылдык мааниде 2,8 пайызды түзгөн.

Жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча сүт азыктарына баанын өсүшү, жылдык мааниде алганда, 3,8 пайыз чегинде катталган. Мында, 2012-жылдын экинчи чейрегинде сүт азыктарына баанын 9,8 пайызга төмөндөгөндүгүн (чейрек ичинде баанын өзгөрүүсүн) белгилеп кетүү зарыл. Июнь айынын жыйынтыгы боюнча эт азыгына баа, жылдык мааниде алганда, 6,9 пайызга өскөн. Жыл башынан бери эттин баасы ай сайын 0,5 пайызга төмөндөшү көбүнесе, импорттолуп алынган эттин наркынын төмөндөшү менен шартталган.

Улуттук статистика комитетинин «Азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык боюнча бюллетень» басылмасындагы маалыматтарга ылайык, жылдын 1-чейрегинде нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорттун үлүшү 76,3 пайызга чейин өскөн (2011-жылдын 1-чейрегинде 43,9 пайыз), ушунун өзү рыноктун ичтен өндүрүлгөн дан менен камсыз кылуу төмөндөп кеткендигин жана импорттук берүүлөрдөн көз карандылыкты далилдейт.

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 9,8 пайызды түзгөн, бул 2011-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 2,7 пайыздык пунктка төмөн. Алсак, кийим-кечеге жана бут кийимге баа негизинен, кийим-кечелердин 11,7 пайызга жана кийим-кечелерди даярдоого кеткен материалдардын 14,1 пайызга кымбатташынын эсебинен, 12,6 пайызга өскөн. Мындан тышкары, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча баанын жогорулоосу катталган (жылдык мааниде алганда +4,5 пайызга). Ошондой эле «үй тиричилигине керектүү буюмдар жана тиричилик техникалары» тобу боюнча да баанын өсүшү катталган (+13,1 пайызды). Тиричилик, текстиль буюмдарынын кымбатташы (+15,2 пайызды), ошондой эле эмеректердин жана тактайга төшөлүүчү материалдардын (+10,1 пайызга) кымбатташы мындай динамиканын калыптанышынын негизги себебинен болгон. Күйүүчү-майлоочу материалдардын (КММ) наркы жылдык мааниде алганда 3,8 пайызга өскөн, мунун ичинен бензинге баа 3,8 пайызга, дизель отунуна 6,7 пайызга жогорулаган. Жылдын экинчи чейрегинде КММга баа 0,3 пайызга төмөндөгөн болсо, бензин 0,7 пайызга арзандап, ал эми дизель отунуна баа 4,5 пайызга өсүп кеткен.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык өлчөөдө 11,7 пайызга өскөн (2011-жылдын ушул эле мезгилинде 12,1 пайызга). Эң башкысы тойканалар жана мейманканалар кызмат көрсөтүүлөрүнүн 19,7 пайызга, билим берүү (+14,6 пайызга), транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+8,6 пайызга) кымбатташынын эсебинен ушул топтун индексинин өсүшү келип чыккан. Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү да 11,4 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн учурда орун алып турган баадагы көлөмү 114,9 млрд. сомду түзүү менен 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 5,6 пайызга төмөндөгөн. 2011-жылдын январь-июнь айлары ичинде ИДӨнүн көлөмү 4,9 пайызга өскөн эле. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 3,9 пайыздык өсүшкө ээ болгон (2011-жылдын январь-июнь айлары ичинде ушул көрсөткүчтүн өсүшү 3,7 пайыз чегинде катталган). ИДӨ дефлятору, 2011-жылдын январь-июнь айларындагы 16,7 пайызга салыштырганда, 13,7 пайыз деңгээлинде калыптанган.

2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде ИДӨнүн төмөндөшүнө негизги салымды «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшүнүн эсебинен өнөр жай ишканалары кошкон (-8,1 п.п.). Отчеттук мезгил ичинде салымы 2,3 пайыздык пунктту түзгөн кызмат көрсөтүүлөр оң таасирин тийгизген.

**2-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**

*(пайыздар)*

| | Салыштырма салмагы | | Өсүш арымы | | Өсүшкө салым | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011-ж. I жарым жылдыгы | 2012-ж. I жарым жылдыгы | 2011-ж. I жарым жылдыгы | 2012-ж. I жарым жылдыгы | 2011-ж. I жарым жылдыгы | 2012-ж. I жарым жылдыгы |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 10,8 | 12,9 | 1,3 | 1,2 | 0,1 | 0,1 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,8 | 1,1 | 11,3 | 6,6 | 0,1 | 0,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 20,4 | 11,8 | 12,9 | -42,6 | 2,5 | -8,7 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,9 | 3,7 | 26,8 | 13,0 | 1,1 | 0,5 |
| Курулуш | 3,7 | 4,3 | -28,4 | 20,0 | -1,4 | 0,7 |
| Соода; унаа оңдоо | 16,1 | 16,4 | 3,1 | 8,1 | 0,5 | 1,3 |
| Транспорт жана байланыш | 9,4 | 9,8 | 12,9 | 6,9 | 1,2 | 0,7 |
| Жана башкалар | 22,7 | 25,2 | 1,2 | 1,5 | 0,3 | 0,3 |
| Өнүмгө таза салык | 12,2 | 14,8 | 4,9 | -5,6 | 0,5 | -0,7 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **4,9** | **-5,6** | **4,9** | **-5,6** |

*Булагы: УСК, КРУБ эсептөөлөрү*

«Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 8,2 пайыз чегинде катталган. 2011-жылдын январь-июнь айлары ичинде өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн өсүшү 14,9 пайызга жеткен, ал эми Кумтөрдү эске албаганда 16,9 пайызды түзгөн.

Кайра иштетүү тармагында өндүрүш көлөмү металлургия өндүрүшүнүн кыскарышы жана даяр металл буюмдарын, мунай заттарын, текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн, ошондой эле электр, электрондук жана оптикалык жабдууларын өндүрүүнүн кыскарышынын алкагында, 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 42,6 пайызга төмөндөгөн. Ушуну менен бирге эле, тоо кендерин казып алуу өндүрүшүндө (+6,6 пайызды) продукциялардын жана электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү өндүрүшүнүн (13,0 пайызга) өнүмдөрүнүн физикалык көлөмүнүн өсүшү байкалган. Бул ИДӨ көлөмүнүн өзгөрүүсүнө алгылыктуу салымын кошкон.

Айыл-чарба продукцияларын дүң чыгаруу, 2011-жылдын 1-жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 1,3 пайыздык өсүшкө караганда, реалдуу алганда 1,2 пайызга көбөйүү менен 44,1 млрд. сомду түзгөн.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде соода жүгүртүү 8,9 пайызга көбөйгөндүгү байкалган (2011-жылдын ушул мезгили ичинде ал 3,5 пайызга көбөйгөн эле).

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү, алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 10,2 пайызга көбөйгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмүндөгү салымдардын негизги үлүшүндө тоо кендерин казып алуу өнөр жайы – 31,8 пайыздык, транспорт жана байланыш – 10,5 пайызды («Талас-Тараз-Суусамыр», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Бишкек-Нарын-Торугарт», «Түштүк транспорт өтмөгү» жолдорун реконструкциялоо долбооруна, «Регионалдык жол өтмөктөрүн жакшыртуу» долбоору боюнча жолдорду оңдоп-түзөөгө), кайра иштетүү өндүрүшү – 8,3 пайызды, соода – 7,7 пайызды ээлейт.

## Тышкы экономикалык сектор[1]

Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында өткөн жылдагы ушул эле көрсөткүч деңгээлинде күндөлүк трансферттер эсеби боюнча профициттин сакталып тургандыгына жана «кирешелер» статьясы боюнча терс сальдонун төмөндөшүнө карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун ИДӨгө карата 17,2 пайызга чейин көбөйүүсүнө алып келет. Бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 8,9 пайыздык пунктка жогору.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2,3 эсеге көбөйүп, 1 337,5 млн. АКШ долларын түзөт. Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын ушул мезгилиндегиге салыштырганда 17,0 пайызга төмөндөп, 850,4 млн. АКШ доллары көлөмүндө калыптанат. Отчеттук мезгил ичинде товарлардын импорту (ФОБ баасында) 35,1 пайызга 2 188,0 млн. АКШ долларына чейин көбөйөт.

Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында күндөлүк трансферттер боюнча таза агым 830,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлөт, бул 2011-жылдын ушул мезгилиндеги көрсөткүчтөн 3,7 пайызга көп. Отчеттук мезгил ичинде ушул статья боюнча негизги өсүштү мурдагыдай эле, жеке трансферттер камсыз кылат. Алар боюнча таза агым 8,3 пайызга көбөйүп, 828,0 млн. АКШ долларын түзөт. Ушуну менен катар эле, расмий трансферттердин таза түшүүсүнүн көлөмү 3,0 млн. АКШ долларына чейин кыскарат (2011-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 36,7 млн. АКШ доллары).

Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 614,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдодо калыптанат. Бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 3,3 эсеге ашат.

Ошентип, 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 86,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң калыптанат. Дүң эл аралык камдардын көлөмү[2] товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болочоктогу 3,8 айлык импортун жабат.

Алдын ала маалыматтар боюнча сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси 2012-жылдын башталышынан бери 0,6 пайызга төмөндөп, июнь айынын акырына карата 115,5 түзгөн. Мындай төмөндөө 2012-жылдын июнь айында сомдун 2011-жылдын декабрь айындагы орточо курсунун түрк лирине карата 2,5 пайызга, АКШ долларына карата 1,2 пайызга, казак теңгесине карата 1,1 пайызга, кытай юанине карата 1,0 пайызга нарксызданышы[3] менен шартталган. Мында,

---

[1] Айкын жана болжолдуу маалыматтарга ылайык.

[2] 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата дүң эл аралык камдардын көлөмү 1 915,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

[3] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, мында индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.

еврого жана орус рублине карата сомдун катышы чыңдалган (тиешелүүлүгүнө жараша 4,5 жана 2,5 пайызга).

Сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индексинин нарсызданышы менен катар эле, Кыргызстанда инфляция деңгээлинин бир кыйла төмөн чекте кармалып турушу[1] реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөшүнө алып келген, ал 2011-жылдын декабрынан тартып 1,4 пайызга төмөндөп олтуруп, ушул жылдын июнь айынын акырында 111,0 түзгөн.

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча 2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 3,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,4 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-июнь айлары ичинде бюджет ИДӨгө карата 0,2 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы менен аткарылган эле). Мында, келип түшкөн расмий трансферттерди эске албаганда мамлекеттик бюджеттик тартыштыгы 5,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,1 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик бюджетти жалпы каржылоо 9,8 млрд. сом чегинде катталган: анын ичинде, ички каржылоо – 6,0 млрд. сом, тышкы каржылоо – 3,8 млрд. сом.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин 2012-жылдын январь-июнь айлары ичиндеги тартыштыгы 0,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелери 14,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 12,6 пайызды, ал эми чыгашалары 14,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 12,7 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин (мамлекеттик бюджет+Социалдык фонддун бюджети) тартыштыгы кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 4,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,4 пайызды түзгөн. Кирешелер 48,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 41,8 пайызды, ал эми чыгашалары 52,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 45,3 пайызды түзгөн.

2012-жылдын январь-июнь айларында мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен түшкөн кирешелери 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 12,3 пайызга көбөйүү менен 40,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 35,3 пайызды (2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында көбөйүү 33,9 пайызды) түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке чыгашалары жылдын биринчи жарым жылдыгында 42,7 млрд. сомду түзүп, 24,7 пайызга[2] же 8,5 млрд. сомго көбөйгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык негизде классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде билим берүүгө (2,5 пайыздык пунктка), саламаттыкты сактоо (1,5 пайыздык пунктка), социалдык коргоого (1,0 пайыздык пунктка), эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга (0,3 пайыздык пунктка), коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого (0,1 пайыздык пунктка) чыгашалардын ИДӨгө карата көбөйгөндүгү байкалган. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга чыгашалардын ИДӨгө карата катышы 0,2 пайыздык пунктка кыскаргандыгы белгиленип, ал эми экономикалык маселелерге, турак-жай-коммуналдык кызматтарга, курчап турган чөйрөнү коргоого чыгашалар негизинен, өзгөрүүсүз калган.

[1] Кыргыз Республикасында 2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде инфляция 0,9 пайызды түзгөн, ал эми соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли алдын ала эсептөөлөр боюнча 1,7 пайызды түзгөн.

[2] Реалдуу алганда (КБИге корректировкаланган негизде) 23,5 пайызга көбөйгөн.

2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин эмгекке төлөөлөргө кеткен чыгашалары 15,0 млрд. сомду же мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке жумшаган чыгашаларынын жалпы көлөмүнүн 35,1 пайызын түзүү менен 37,2 пайызга көбөйгөн (2011-жылдын биринчи жарым жылдыгында эмгекке төлөөлөргө чыгашаларынын өсүшү 21,1 пайыз чегинде катталган). Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөгө кеткен чыгашалар эң башкысы, саламаттыкты сактоо системасында бир статьяда сунушталган чыгашалардын өсүшүнүн эсебинен, 38,9 пайызга же 2,3 млрд. сомго көбөйүү менен 8,4 млрд. сом чегинде катталган. Социалдык жөлөк пулдарды жана субсидияларды төлөөгө чыгашалар 21,1 пайызга же 1,7 млрд. сомго көбөйүп, 9,6 млрд. сомду (ИДӨгө карата 8,3 пайызды) түзгөн.

Экономикалык классификациялоого ылайык мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын өсүшүнө эң чоң салымды, эмгекке төлөөлөргө (11,9 пайыздык пункт), товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөлөр (6,8 пайыздык пункт) жана субсидияларга, социалдык жөлөк пулдарга (4,9 пайыздык пункт) чыгашалар камсыз кылган.

2012-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 147,6 млрд. сомду түзгөн (3,1 млрд. АКШ доллары[1]), мунун ичинен ички карыз – 13,2 млрд. сом, тышкы карыз – 134,4 млрд. сом. 2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде мамлекеттик карыз 2011-жылдын акырына карата алынган көрсөткүчкө салыштырганда 3,1 пайызга же 4,4 млрд. сомго көбөйгөн. Биринчи жарым жылдыкта мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөөлөр 1,3 млрд. сомду (ал эми 2011-жылдын январь-июнь айлары ичинде – 1,6 млрд. сом) чегинде катталган, алардын ичинен ички жана тышкы карыз боюнча төлөөлөрдүн салыштырма салмагы тиешелүүлүгүнө жараша жалпы пайыздык төлөөлөрдүн 44,3 жана 55,7 пайызды түзгөн. 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчкө салыштырганда тышкы карыз боюнча пайыздык төлөөлөр 37,6 пайызга же 436,3 млн. сомго төмөндөгөн болсо, ички карыз боюнча 24,7 пайызга же 113,8 млн. сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу (негизги фондулар, запастар, жер топтору боюнча операцияларды кошо алганда) 1,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,6 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-июнь айларында – 2,2 млрд. сом же ИДӨгө карата 2,0 пайыз).

## Финансылык сектору

### *Банк тутуму*

2012-жылдын отчеттук мезгилинин акырына карата абал боюнча[2] Кыргыз Республикасынын аймагында, Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 22 коммерциялык банк[3] жана алардын 264 филиалы иштеп турган

---

[1] Көрсөткүчтөр Улуттук банк тарабынан эсептелинген (2012-жылдын 30-июнуна карата 1 АКШ доллары = 47,2445 сомго барабар)

[2] Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчетторуна ылайык келтирилген.

[3] Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 1-ноябрындагы №83/1 токтомуна ылайык банкроттоо жол-жобосун баштоо жана консервация режимин токтотуу жөнүндө соттун чечимине ылайык, 2010-жылдын 1-декабрынан тартып банк тутумунан «АзияУниверсалБанк» ААКсы алынып салынган.
Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 16-декабрындагы №91/1 токтомуна ылайык күбөлүк алгандыгына байланыштуу, 2010-жылдын 24-декабрынан тартып банк тутумуна «Залкар Банк» ААКсы киргизилген.

(2011-жылдын ушул эле мезгилинде да 22 коммерциялык банк жана 248 филиал өз ишин жүзөгө ашырган эле).

2012-жылдын июнь айынын акырына банк тутуму бүтүндөй алганда, 1 023,9 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алууга жетишкен (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде – 786,7 млн. сом). Банк тутумунун суммардык активдери жыл башынан тартып 13,5 пайызга көбөйүп, биринчи жарым жылдыгынын акырына 75,8 млрд. сом чегинде катталган.

2012-жылдын январь-июнь айларында банктык депозит рыногунда коммерциялык банктардын депозиттик базасынын 2011-жылдын экинчи жарым жылдыгына салыштырганда өсүш динамикасы жогорулагандыгы байкалган, бул социалдык-саясый абалдын салыштырмалуу туруктуу болушу жана ички рынокто ишкердиктин жигердүүлүгүнүн жогорулашы менен шартталган. Түзүмү жагынан депозиттик базанын өзгөрүү тенденциясы, ишканалардын эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарынын көбөйүүсү, ошондой эле талап боюнча төлөөнүүчү депозиттердин жана калктын мөөнөттүү аманаттарынын өсүшүнөн улам келип чыккан.

Кароого алынган мезгилдин акырына коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан 21,1 пайызга көбөйүү менен 46,8 млрд. сомду түзгөн. Мында көбөйүү, депозиттик базаны валюталык түзүүчүсүнүн 21,8 пайызга өсүшү сыяктуу эле, сом түрүндө аманаттардын 20,3 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыз кылынган.

Кароого алынган мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агымынын көбөйүүсү белгиленген. 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 109,2 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 24,4 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жылдык мааниде алганда 0,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2,2 пайыз чегинде калыптанган, ал эми чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин чени 0,2 пайыздык пунктка, 0,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

Жылдын биринчи жарым жылдыгында банктык кредиттөө рыногунда жагдай жогорулоо тенденциясында сакталып туруусу менен мүнөздөлгөн, бул өткөн жылдын экинчи жарымында банк тутумунда ликвиддүүлүктүн олуттуу өзгөрүүлөрүнүн жоктугунан, өлкөдө социалдык-саясый туруктулукту жана төмөнкү базанын эффектин сактоо менен улуттук валютанын алмашуу курсунун салыштырмалуу туруктуу абалынан улам түптөлгөн. Кредиттердин наркы жогору сакталып калган, мында кароого алынган мезгил ичинде улуттук валютада жаңы кредиттер боюнча орточо маанидеги пайыздык чендердин бир аз төмөндөөсү белгиленген, ушул эле учурда чет өлкө валютасында кредиттер боюнча чен, тескерисинче көбөйгөн. Портфель түзүүдө негизги салымды соода кредиттеринин көлөмү кошкон. Өкмөттүн агрардык тармакка субсидиялоо боюнча иш-аракети банктардын кредит портфелинин түзүмүндө айыл чарбага кредиттөө үлүшүн көбөйтүүгө демилгелеген. Мындан тышкары, банк тутумунун кредит портфелинин сапаттык мүнөзү мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк маанисинин төмөндөшү менен жакшыруусу байкалган.

«Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер – 2» айыл чарба секторун колдоо мамлекеттик программасынын алкагында өтүп жаткан жылдын биринчи жарым

---

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүн эсептөөдө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.

жылдыгында, бул максатта бөлүнгөн 1 млрд. сом каражаттарынын ичинен 700,4 млн. сом жалпы суммасына 6,3 миң жеңилдетилген кредит берилген.

Иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 11,8 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына 34,9 млрд. сом чегинде калыптанган. Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 8,9 пайызга көбөйүп, 15,2 млрд. сом өлчөмүндө калыптанган. Июнь айынын акырына карата чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү 19,7 млрд. сом эквивалентин түзүп, жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 14,1 пайызга ашкан.

2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде банктардын улуттук валютадагы кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени 0,6 пайыздык пунктка, 21,8 пайызга чейин төмөндөгөн болсо, чет өлкө валютасындагы чен жыл башындагы 17,8 пайыз деңгээлинде сакталып калган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата банктардын кредит портфели тармактар боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн: кредит портфелинин олуттуу бөлүгүн ээлеген соодага кредиттердин үлүшү 1,1 пайыздык пунктка (41,8 пайызга чейин) төмөндөгөн. Ошондой эле, өнөр жайына кредиттердин салыштырма үлүшү 5,3 пайыздан 5,0 пайызга чейин, курулушка – 5,6 пайыздан 5,3 пайызга чейин, ипотекага – 9,6 пайыздан 9,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Ал эми айыл-чарбасына (0,7 пайыздык пунктка, 13,4 пайызга чейин) жана керектөө кредиттеринин үлүшү (0,3 пайыздык пунктка, 9,1 пайызга чейин) көбөйгөн. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө бөлүнгөн кредиттер мурдагыдай эле, бир аз үлүштү түзүү менен суммардык тартипте 3,0 пайыз чегинде катталган. Жылдын январь-июнь айлары ичинде «жана башка» кредиттердин салыштырма салмагы 12,9 пайыздан 13,0 пайызга чейин көбөйгөн.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында берилген кредиттердин көлөмү 18,2 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын ушул мезгилинде берилген суммалардан 23,5 пайызга жогору. Улуттук валютада 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 22,6 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы чен тескерисинче, 0,4 пайыздык пунктка жогорулап, 20,2 пайызга чейин көтөрүлгөн.

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча реалдуу чендердин орточо мааниси биринчи жарым жылдык ичинде 21,5 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын ушул мезгилинде бул көрсөткүч 14,4 пайыз чегинде катталган эле.

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери*

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата Кыргыз Республикасынын аймагында банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (БФКМдердин) саны 893 түзгөн, алардын ичинен Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы – 1, кредиттик союздар (КС) – 189, микрокредиттик компаниялар – 337, микрокредиттик агентстволор – 91, микрофинансылык компаниялар – 5, алмашуу бюролору – 270 түзгөн (2011-жылдын ушул эле мезгили ичинде БФКМдердин саны 907 эле).

БФКМдердин кредит портфели[1] жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 11,5 пайызга көбөйүп, 17 531,8 млн. сомду түзгөн.

**3-таблица. БФКМдердин кредит портфели[1] (млн. сом)**

| БФКМ аталышы | 30.06.2011 | 30.06.2012 |
|---|---|---|
| Финкомпания | 466,3 | 466,3 |
| МФУ (МФК, МКК/МКА)[2] | 12 736,1 | 16 263,6 |
| Кредиттик союздар | 1 231,9 | 1 268,1 |
| **Бардыгы болуп** | **13 968,1** | **17 531,8** |

[1] Маалыматтар Финкомпанияны эске алуусуз келтирилген (анткени Финкомпаниянын кредиттери кредиттик союздарга берилген).

[2] МКК/МКА отчетторду жарым жылдык негизде сунушташат.

Жылдын июнь айынын акырына карата Финансы компаниясынын кредиттери боюнча орточо алынган пайыздык чен 15,94 пайызды (2011-жылдын 31-декабрына карата 15,79 пайыз), кредиттик союздардыкы – 27,71 пайыз (2011-жылдын декабрь айына карата 28,40 пайыз) жана МФКлардын кредиттери боюнча – 35,6 пайыз (2011-жылдын декабрь айына карата – 37,41 пайыз) түзгөн.

Отчеттук мезгилдин акырына карата кредиттик союздардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү жыл башынан тарта 22,5 пайызга көбөйүү менен 43,5 млн. сомду түзгөн (2011-жылдын декабрь айына карата 35,5 млн. сом).

МФКлардын жылдын июнь айынын акырына карата депозиттик базасынын жалпы көлөмү, жыл башынан бери 607,8 пайызга көбөйүү менен 36,1 млн. сомду түзгөн (2011-жылдын декабрь айына карата 5,1 млн. сом).

[1] Маалыматтар Финкомпанияны жана БРАФ эске алуусуз келтирилген (анткени Финкомпаниянын кредиттери кредиттик союздарга берилген).